DOI:10.26104/NNTIK.2019.45

НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА, № 6, 2021

*Шарабидин кызы А.*

## ИНТЕЛЛЕКТУАЛДЫК МЕНЧИКТИН УКУКТУК ЖӨНГӨ САЛЫНЫШЫ

*Шарабидин кызы А.*

## ПРАВОВОЕ РЕГУЛИРОВАНИЕ ИНТЕЛЛЕКТУАЛЬНОЙ СОБСТВЕННОСТИ

*Sharabidin kyzy A.*

## LEGAL REGULATION OF INTELLECTUAL PROPERTY

*УДК: 347.77.01.*

*Макала Кыргыз Республикасында пайда болгон интеллектуалдык менчиктин укуктук жактан корголушу, ошону менен бирге дүйнөлүк деңгээлде кандай корголгондугуна багытталып, айрым маалыматтарга таянып, түшүнүктөр берилди. Мындан сырткары интеллектуалдык менчик деген түшүнүк байыркы замандан тартып эле чыгарма, жаңы ойлоп табуу, же жаңы өнөрдүн бүткүл материалдык турпаты, анын ичинде: кол жазма, сүрөт, скульптура, станок, дары жана дарылоо ыкмалары жана башка ушул сыяктуулар бири-биринен ажыратылгыс болгондой эле бири-бирине байланыштуу болгондугун, жаңылыктарды жаратkандар, тактап айтканда ээлери, ошол материалдык буюмга гана ээлик кылышкандыгы тууралуу да маалыматтар камтылган. Ошону менен бирге, интеллектуалдык менчикке аныктама, интеллектуалдык менчиктин объектилери жөнүндө кеңири түшүнүктөр берилди. Муну менен катар эле, интеллектуалдык менчик жаатындагы мыйзамдар жана дүйнөлүк деңгээлде кандай укуктук жактан корголушу жөнүндө да маалыматтар берилди. Интеллектуалдык менчик обьектилери жарандык кодексте кандай каралгандыгы боюнча да маалыматтар каралган.*

***Негизги сөздөр:*** *интеллектуалдык менчик, автор, товардык белги, кыргызпатент, Кыргыз Республикасынын өкмөтү, мыйзам.*

*Статья посвящена правовой защите интеллектуальной собственности в Кыргызской Республике, а также способам ее защиты на глобальном уровне на основе некоторых данных. Кроме того, концепция интеллектуальной собственности является продуктом древности, новым изобретением или всей материальной формой нового искусства, включая: рукописи, картины, скульптуры, токарные станки, лекарства, лечебные процедуры и тому подобное неразрывно связаны; В нем также содержится информация о том, что создателям новостей, в частности владельцам, принадлежал только этот материальный обьект. В то же время было дано определение интеллектуальной собственности и широкое понимание обьектов интеллектуальной собственности. Также была предоставлена информация о законах «об интеллектуальной собственности и их правовой защите» на глобальном уровне. В то же время обьекты прежнего обычного права расширились, например, помимо изобретений, в патентное право были добавлены полезные модели и промышленные образцы или образцы. Также есть информация о том, как интеллектуальная собственность предусмотрена в Гражданском кодексе.*

***Ключевые слова:*** *интеллектуальная собственность, автор, товарный знак, патент Кыргызстана, Правительство Кыргызской Республики, закон.*

*The article is devoted to the legal protection of intellectual property in the Kyrgyz Republic, as well as ways to protect it at the global level based on some data. In addition, the concept of intellectual property is a product of antiquity, a new invention, or the entire material form of a new art, including: manuscripts, paintings, sculptures, lathes, medicines, medical procedures and the like are inextricably linked; It also contains information that the creators of news, in particular the owners, only owned this material object. At the same time, a definition of intellectual property and a broad understanding of intellectual property objects were given. Information was also provided on intellectual property laws and their legal protection at the global level. At the same time, the objects of the former customary law have expanded, for example, in addition to inventions, utility models and industrial designs or designs have been added to patent law. There is also information on how intellectual property is provided for in the Civil Code.*

***Key words:*** *intellectual property, author, trademark, Kyrgyz patent, Government of the Kyrgyz Republic, law.*

Интеллектуалдык менчик деген түшүнүк байыркы замандан тартып эле чыгарма, жаңы ойлоп табуу, же жаңы өнөрдүн бүткүл материалдык турпаты, анын ичинде: кол жазма, сүрөт, скульптура, станок, дары жана дарылоо ыкмалары жана башка ушул сыяктуулар бири-биринен ажыратылгыс болгондой эле бири-бирине байланыштуу да болгон. Жогоруда айтылгандай жаңылыктарды жараткандар, тактап айтканда ээлери, ошол материалдык буюмга гана ээлик кылышчу. Бирок мындай кырдаал ушул замандын орто кылымынан баштап кескин өзгөрүлдү десек жаңылышпайбыз. Себеби, китеп басып чыгаруучу станок жана техникалык каражаттар пайда болду, кол жазмалар тез жана жеңил, арзан көчүрүүгө жана көбөйтүүгө мүмкүнчүлүктөр түзүлүп, замандын өнүгүшүнөн улам, адам баласы физикалык күчүн жумшап жасаган иш-аракеттердин баары, техниканын жардамы менен жасала баштады. Мисал айта турган болсок, китеп басуучу станокту 1440- жылы немис ойлоп табуучусу Иоган Гутенберг (Страсбург шаарынын жанынан) деген адам ойлоп таап ишке колдонууга киргизген кезден баштап, чыгармалар жана ойлоп табуунун негизинде жасалган материалдык буюмдар менен аны чыгаруу же жасоо мазмунунун ортосунда айырма жана артыкчылык келип чыккан. Жогорудагылардын натыйжасында укуктук проблема түзүлүп, жаңы укук тармактары жана мыйзамдар пайда болуп, аны биринчи иретте Европа өлкөлөрүндө XV-XVIII кылымдарда чечишти. Бул укук тармактары патент укугу

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45



жана автордук укук деп аталган. Бул укуктар буга чейинки мүлк ээлеринин укугунан айырмаланып, материалдык эмес менчик укуктары болуп саналат, анткени мында менчик укугу материалдык мүлктөргө (буюмдарга) берилбей, аларды чыгарган жана жасай турган маалыматка (информацияга), же б.а. материалдык эмес нерселерге берилет Мамлекеттердин экономикалары, соодалары, маданий-турмуштары өсүп-өнүгүп, татаалдашы менен бул материалдык эмес укук тармактары дагы татаалдашып, жаңы-жаңы куктук тармактар жана укук обьектилери пайда болду, булар: биринчиден, өнөр жай менчигинин укугу жана ага тиешелүү объектилер – өнөр жай үлгүлөрү же дизайн, пайдалуу моделдер, товардык белгилер, тейлөө белгилери, товардын чыгарылган жерлеринин аталыштары, фирмалардын аталыштары, ноу-хау же коммерциялык сырлар, анын ичинде албетте, өнөр жай менчигине ойлоп табуулар дагы кирет; экинчиден, автордук укуктан тышкары чектеш укуктарды коргоо дагы пайда болду. Объектилери – аткаруулар, фонограммалар жана эфир же кабель аркылуу берүүнү уюштуруу; үчүнчүдөн, салттык эмес обьектилер укугу жана анын обьектилери – интегралдык микросхемалардын топологиялары жана селекциялык жетишкендиктер болуп саналат.

Ошол эле учурда мурунку салттык укуктун объектилери дагы кеңейди, мисалы, патент укугуна ойлоп табуудан тышкары пайдалуу моделдер жана өнөр жай үлгүлөрү же дизайн кошулду. Ал эми автордук укуктун объектилерине ЭЭМ программалары жана маалымат базалары кошулду. Жогоркулардан тышкары, акыркы 15 жылдын ичинде эл аралык деңгээлде кеңири талкууланып жаткан жаңы материалдык эмес менчик укугуна тиешелүү укук объектилерине кошула турган обьекттерге – салттык билимдер да кирет. Бул билимдер кылымдан кылымга, атадан-балага өтүп келаткан дүйнө элдеринин, кандайдыр жамааттардын жеке кайталангыс мурасы катары келаткан ар-кандай тармактагы билимдери болуп саналат.

Азыркы учурда жогоруда айтылган бардык материалдык эмес менчик объектилери жалпысынан жаңы укук институтуна кирет, бул укук институту интеллектуалдык менчик укугу деп аталат. Интеллектуалдык менчик бардык чыгармачылык, ойлоп табуучулук, ишкердик акыл эмгеги менен жаралган материалдык эмес укук объектилерин камтыгандыктан аларды укуктук коргоо мамлекет тарабынан талап кылынат. Аларды ишке ашыра турган, негизинен укук коргоо органдары жана сот системасы. Албетте, ар бир мамлекетте интеллектуалдык менчик жагдайында атайын мамлекеттик ведомство түзүлөт жана ал эксперттик, атайын адистик иштерди алып баруу менен бул тармактагы саясатты аткарат. Кыргыз мамлекетинде мындай мекеме, Кыргызпатент болуп эсептелип, анын азыркы аталышы – Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы Интеллектуалдык менчик жана инновациялар боюнча кызматы – деп аталып, иш алып барат [2].

1998-жылдын l-июнунан тартып күчүнө киргизилген Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин биринчи бөлүгүндө интеллектуалдык ишмердүүлүктүн натыйжалары, анын ичинде аларга интеллектуалдык менчикке болгон өзгөчө укуктар жарандык укук объектилерине таандык деп белгиленген. КР ЖКнын 32-беренесинде «интеллектуалдык менчик» түшүнүгү кеңири түрдө ачылып, «Жарандык Кодекс жана башка мыйзамдар менен аныкталган учурда жана тартипте интеллектуалдык ишмердүүлүктүн объективдүү көрсөтүлгөн натыйжаларына жана аларга теңештирилген юридикалык жакты индивидуалдаштыруучу каражаттарга, жеке жактын жана юридикалык жактын продукцияларына, алар тарабынан аткарылган иштер же кызмат көрсөтүүлөргө анын ичинде фирмалык аталыштар, товардык белги, тейлөө белгилери ж.б.у.с. Жарандын же юридикалык жактын өзгөчө укугу таанылат. Өзгөчө укук объектилери болуп эсептелген интеллектуалдык ишмердүүлүктүн натыйжаларын жана индивидуалдаштыруу каражаттарын үчүнчү жактар тарабынан пайдалануу укук ээсинин макулдугу менен гана ишке ашырылышы мүмкүн» деп көрсөтүлгөн.

Демек, жогорудагы маалыматтарга таянып айта турган болсок, *интеллектуалдык менчик* – ачылышка, ойлоп чыгарууга, илим, адабият, искусство чыгармаларына жана башкалар интеллектуалдык чыгармачылык эмгектин үзүрүнө ээлик. Эл аралык практикада кара ниет атаандаштыкка каршы коргоого алынуучу адабий, көркөм, илимий, маектештик чыгармаларга, өнөрпоздордун аткаруучулук ишмердигине, үн жазууга, радио берүүлөргө жана телекөрсөтүүлөргө, адам ишмердигинин бардык чөйрөсүндөгү ойлоп табууларга, илимий ачылыштарга, өнөр жай үлгүлөрүнө, товардык белгилерге, тейлөө белгилерине, фирмалык аталыштарга, ошондой эле өндүрүштүк, илимий адабий жана көркөм чөйрөдөгү жеке ишмердикке кирүүчү укуктар интеллектуалдык менчик деп эсептелет. Интеллектуалдык менчик автордук укук, өнөр жайлык менчик, илимий менчик деп бөлүнөт. Интеллектуалдык менчик боюнча эл аралык мүнөздөгү бир катар укуктук актылар бар: өнөр жай менчигин коргоо Париж Конвенциясы (1883), Адабий жана көркөм чыгармаларды коргоо боюнча Берн конвенциясы (1886), Автордук укук боюнча бүткүл дүйнөлүк

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45

НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА, № 6, 2021

Конвенция (1952) жана башкалар Бул конвенциялар көп жолу өзгөртүлгөн жана азыр жаңы редакцияда колдонулат. Андан тышкары Интеллектуалдык менчик боюнча азыркы учурда 20дан ашуун макулдашуу бар. 1967-ж. Бүткүл дүйнөлүк интеллектуалдык менчик уюмун (БИМУ) түзүү тууралуу конвенцияга кол коюлуп, ал 1970-ж. күчүнө кирген. Кыргызстан ага мүчө. Кыргызстанда Интеллектуалдык менчик укугунун сакталышын КРдин мамлекеттик патент кызматы көзөмөлдөйт. Рынок мамилелерине өтүү менен интеллектуалдык менчик жаатындагы өз мыйзамдарын эл аралык укук актыларына ылайыкташтыруу менен КРде «Автордук укук жөнүндө» (1998), «Кыргыз Республикасынын патент мыйзамы» (1998) «Товардык тейлөө белгилери жөнүндө» (1998) жана башкалар мыйзамдар кабыл алынып, иштеп келе жатат [4].

Кыргыз Республикасынын «Патент» мыйзамынын 2-беренесине ылайык: Интеллектуалдык менчик жаатындагы Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы (мындан ары – Кыргызпатент) Мыйзамга ылайык өнөр жай менчигинин объекттерине өтүнмөлөрдү карап чыгууга кабыл алат, алар боюнча экспертиза, мамлекеттик каттоо жүргүзөт, патенттерин берет, өнөр жай менчигинин объекттери жөнүндө маалыматтарды расмий жарыялоону ишке ашырат, Мыйзамды колдонуу боюнча түшүндүрмөлөрдү басып чыгарат жана ал жөнүндөгү Кыргыз Республикасынын Өкмөтү беките турган Жобого ылайык башка милдеттерди аткарат.

Кыргызпатент Улуттук Патент фондуна жетекчиликти жүзөгө ашырат, аны сактоону жана сатып алуу жана эл аралык уюмдар жана чет өлкөлүк патент мекемелери менен алмашуу жолу аркылуу топтоону камсыз кылат.

Өнөр жай менчигинин объекттерине укуктук коргоо берүү боюнча Кыргызпатенттин ишин өркүндөтүү максатында Кыргызпатенттин алдында Апелляциялык кеңеш түзүлөт, ал Мыйзамга ылайык, өз компетенциясына жараша өнөр жай менчигинин объекттери боюнча келип чыккан талаш-тартыштарды териштирүү боюнча милдеттүү баштапкы орган болуп саналат. Каршы пикирлерди Апелляциялык кеңештин карап чыгышынын тартиби Кыргызпатент тарабынан белгиленет.

Кыргызпатенттин ишин каржылоо республикалык бюджеттин каражаттарынын эсебинен жүзөгө ашырылат [2. 43-б].

Эми, жогорудагы аталган мыйзамдардан сырткары КР нын жарандык кодексинде да интеллектуалдык менчиктин обьектилери боюнча каралган. КР нын ГК нин ***1037-беренесине*** ылайык Интеллектуалдык менчиктин обьектилери болуп төмөндөгүлөр саналат.

1) интеллектуалдык иштин натыйжалары: илимдин, адабияттын жана искусствонун чыгармалары; аткаруулар, фонограммалар жана уктуруу уюмунун берүүлөрү; электрондук эсептөө машиналары үчүн программалар жана маалыматтар базасы; интегралдык микросхемалардын топологиялары; ойлоп табуулар, пайдалуу моделдер, өнөр жайлык үлгүлөр; селекциялык жетишкендиктер; ачыла элек маалыматтар (коммерциялык жашыруун сыр), анын ичинде өндүрүштүк сырлар (ноу-хау);

2) граждандык карым-катнашка катышуучулардын товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү жекече түргө өткөрүү каражаттары;фирмалык аталыштар; товардык белгилер (тейлөө белгилери); товарлардын чыккан жеринин аталыштары;

3) интеллектуалдык ишмердүүлүктүн башка натыйжалары жана КРнын ГКде же башка мыйзамдарда каралган учурларда граждандык карым-катнашка катышуучулардын товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү жекече түргө өткөрүү каражаттары интеллектуалдык менчиктин обьектилерине таандык кылынат[1, 57-б.].

Демек, интеллектуалдык менчиктин объектилерин укуктук коргоо алардын түзүлүш фактысы боюнча же болбосо жогоруда көрсөтүлгөн берене боюнча же башка мыйзамдарда каралган учурларда жана тартипте ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан укуктук коргоого алуунун натыйжасында келип чыгат.

Интеллектуалдык менчик укуктарын коргоонун жарандык-укуктук өлчөмдөрү КР ЖКнын ылайыктуу беренелеринде жана атайын мыйзамдарда караштырылган. Интеллектуалдык менчиктин конкреттүү областары боюнча укуктук мамилелердин механизмдерин аныктоочу ар кандай жоболор жана эрежелер түрүндөгү ылайыктуу мыйзамга караштуу ченемдик-укуктук база (токтомдор, жоболор, эрежелер жана нускамалар) иштелип чыккан жана колдонууга киргизилген.

Ишкердиктин, эмгектин материалдык эмес натыйжалары менен соода кылуу жана ылайыктуу кireше алуу зарылчылыгы Кыргызстандагы өнүгүүнүн жаңы түрмөгүндө интеллектуалдык менчик институтунун калыптануусунун жана орношунун зарыл шарты болуп калды. Кыргыз мыйзамдарында «интеллектуалдык менчик» түшүнүгүнүн пайда болушуна Кыргызстандын эл аралык макулдашууларга, эң башкысы, 1994-жылдын 14-февралындагы Интеллектуалдык менчиктин бүткүл дүйнөлук уюмун (ИМДУ) уюштуруучу Конвенцияга кошулуусу өбөлгө түздү. Интеллектуалдык менчиктин бүткүл дүйнөлук уюмун негизги милдетин айта турган болсок: мамлекеттер

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45



ортосундагы кызматташтык жолу менен бүткүл дүйнөдө интеллектуалдык менчикти коргоого жана пайдаланууга жардам берүү, ошондой эле интеллектуалдык менчиктин укуктук жана административдик аспектилерин жөнгө салуучу көп тараптуу келишимдерге тиешелүү административдик иш-милдеттерди жүзөгө ашыруу болуп эсептелет.

Демек, интеллектуалдык менчик обьектилерине укукту натыйжалуу бажылык коргоону камсыз кылуу, анын ичинде мүчө мамлекеттердин интеллектуалдык менчик обьектилеринин бирдиктүү бажы реестрин жүргүзүү аркылуу; контрафакттык продукциянын жүгүртүлүшүн алдын алууга жана токтотууга багытталган координацияланган чараларды жүзөгө ашыруу болуп саналат.

**Адабияттар:**


1. КРнын граждандык кодекси 1-бөлүк (2014-жылдын 3-июлундагы № 111 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)
2. КРнын «Патент жөнүндө» мыйзамы (2015-жылдын 10-апрелиндеги №76 Мыйзамдарынын редакциял. ылайык)
3. Арабаев Ч.И., Омукеева Н.А «Право интеллектуальной собственности Кыргызской Республики» Бишкек-2004. 57-б.
4. Оморов Р.О. «Интеллектуалдык менчик укугу» Бишкек - 2015. 43-б.
5. Шарабидин кызы А.., Макамбаева Д.И. Некоторые проблемы развития коммерции. / Известия ВУЗов Кыргызстана. 2014. №. 10. - С. 215-216.
6. Шарабидин кызы А., Мамазакир К.К. Особенности регулирования конкуренции в предпринимательстве. //Известия ВУЗов Кыргызстана. 2016. №. 12. С. 164-165.